645

Рецензии на „Грамматику Киргизского языка (фонетика и морфология)" для нед. учащ.

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Х. Карасаева

<u>Рецензия.</u>

Кыргыз тилинин грамматикасы
(Фонетика жана морфология.)

Педагогия окуу жайлары үчүн
окуу китеби. Түзгөн Х. Карасаев.

Фрунзе шаары 1949 жыл. 330 бет.

Институт языка, литературы ... Инв. № 645 стр 11 ... ССР

Жолдош Карасаевдин бул түзгөн китебинин түзүлүшү, айрым темаларга берген эрежелери, коңгуулору жана түзүлүш жактарына караганда, мурдагы кыргыз тилиндеги грамматиканын начарлыгына, материалдын аздыгына карабастан, өзүнүн чын күчүн жумшап кылдаттык менен көп жаңылыктарды киргизген. Бул жагынан алганда автор чоң жетишкендикте болот. Айрыкча педагогиялык окуу жайлары үчүн көп киреселерди киргизет.

Бирок ошондой болсо да бир катар кемчиликтерин айта кетүүгө туура келет. Алар болсода, мына булар:

1. а, 49 бетте §19, үндүү тыбыштар" деген темада. Кыргыз тилинде бардыгы 14 үндүү тыбыш бар. Алар: а, аа, э, ээ, о, оо, ө, өө, ү, үү, у, уу, ы, и дейт. Үндүү тамгалардын ичине созулма үндүүлөрдү кошо эсептебей эле, 8 гана үндүүлөрдү алып, аларга 4 йотташкан (кошулуп айтылуучу). үндүү тыбыштарды кошуп, 12 тыбыш деп алсак. Чудна!

б) Ушул эле үндүү тамгалардын бөлүнүшүндө да йотташкан тамгалар кошо берилсе. мисал: йа — я, йо — ё, йу — ю, йэ — е = тамгалардын йотташ бөлүнө берилсе!

2. (50-бетте) „Кыска созулма үндүүлөр" деген бөлүмдөгү „кыска" деген сөздү алмаштырбай эле, созулма деп берсе дагы эч кандай жаңылыштык болбос эле. туура эмес

3. Үндүү тамгалардын бөлүнүштөрүнүн негизги себебин кыскача көрсөтө кетсе, окуучулар үчүн түшүнүктүү болор эле. /Эмне үчүн жоон, ичке; кең, кууш; эринчил, эринсиз; созулма, созулбас деп бөлөбүз, жазууда кандай өзгөчөлүгү бар?/ бөлүмчөдө.

4. „Үнсүз тыбыштардын (57-бетте) үндүн катышына карай бөлүнүшү" деген темада жумшак үнсүздөргө 11 ге тамга берилген 12 тамгага болуу керек. „г" тамгасы жок.

5 (58 бетте 4-таблица) Үнсүз тыбыштарды жоон ичке деп экиге бөлбөй эле койсо.

6. (62 бет § 22) а, „Үндүүлөр эрүүчүлүгү" деген теманы „Мүчөдөгү үндүүлөрдүн эрүүчүлүгү" деп берсек ачык болор эле,

б) Бул мүчөдөгү үндүүлөрдүн эрүүчүлүгүндө кең, кууш үндүү жөнүндө толук айтылбаптыр.

Чындыгында уңгунун аягындагы (муунундагы) үндүүгө карай -а, е, о, ө болуп, ы, и, у, ү болуп өзгөрүп эрүүчүлүгү (кең үндүү, кууш үндүү боюнча өзгөрүшү) ачык берилсе.

7. (80-бетте § 25) „Муун" деген темада

Эки үндүүнүн ортосуна келген үнсүздөрдү кайсыл тарапта муунга бөлөбүз, көргөзө кетүү керек.

М: Ата - а-та, атта, ат-та, кыркта кырк-та

транспорт - транс-порт, тран-спорт.

Демонстрация - де-монс-тра-ци-я де-мон-страция де-монст-рация. район - рай-он. ж.б.

8. Тамганын басымдан кийин келбестен, басымдан мурда, муундан кийин берилсе.

9. а) Басым (85-бетте) Басым жөнүндө айтылып, кандай муун аркылуу басымдын түзүлүшү көрсөтүлбөгөн. Кыргыздын төл кара сөздөрүндө ар (сана-санар), апак (кап-кабанак), чак (тарын-[illegible]) как (чайкор-чайкорок) [illegible] (себенек) деген [illegible] -кеми-кемир, кейир. ж.б. көргөзө кетсе [illegible] одоно, [illegible] сын атоочтордо да басымдын түшпө[illegible] чок!

11. /41 беттe/ Тыбыш чыгаруучу бурош дегендин ордуна тыбыш чыгаруучу органдарыбыз, же мучөлөрүбүз деп берилсе.

12. /118 бет/ Сөз түркүмдөрү деп эмнени айтабыз? Эрежеси берилсе.

13. /121 бет §46; „Зат атоочˮ деген темада „Кишинин мүчөлөрү тууралуу, эмне" деген суроо берилет дегендин ордуна, кишиден башка заттарга „эмне?" деген суроо берилет десек.

14. /196 бет §86/. Жондомолор томонку топко бөлүнөт деген жердеги 2-бөлүмүндө Жондомолордун кээ бир атоочтор менен жондолушу дебестен, ат атоочтор менен жондолушу деп берилсе.

15. /208 бетте/ Жалпы схемада күчөтмө сын атоочко – кып-кызыл, кап-кара, көп-көк ж.б. сөздөр кошо берилсе.

16. /226 бетте/. Зат, сан, сын атоочтордун ордуна колдонула турган ат атоочтор деген жерде сан, сын атоочтордун ордуна колдонулуучу сөздөрдөн мисалы берилбеген /кандай сөздөр сын, сан атоочтун ордуна жүрөт/.

17. (244 бет §113) Тануу ат атооч дегендин ордуна, „Тангыч" ат атооч деп эле берилсе. Ушул тангыч ат атооч, „эч" деген жерде ат атооч аркылуу түзүлөт дегенди жүргү аркылуу да түзүлөт деп берилсе. „эмес" деген тангыч сөз аркылуу да түзүлөт деп берилсе.

18 Жактама ат атоочтордун жекелик, көптүк, одоно, сылык болуп өзгөрүшү ачык берилсе, жана, „биз" деген І жакка сылык болуп берилбей, көптүк одоно түрүнө берилсе.

~~20~~ 19. Ошол эле сыяктуу этиштин ~~ж~~ чактарынын жекелик, көптүк, одоно, сылык болуп өзгөрүшүн да айрым кылып бербеген.

М: 287 бетте Берки өткөн чакты алууга болот. Мында тубаса, туунду, татаал этишке гана мүчөнүн айкашын ~~гана~~ көргөзгөн да жекелик, көптүк, одоно, сылык болуп өзгөрүшүн айрым ~~деген~~ бир жерде да бербеген.

20. Байыркы бүдөмүк өткөн чак.

299 бетте.

Байыркы бүдөмүк өткөн чак. Эле аркылуу түзүлөт делинген.

Автордун мисалы: „Мен жазган элем." дейт. [illegible]

Мында бүдөмүк дале болбой турат.

Үңгүгө „дай" деген мүчө уланып (бол) боо деген жардамчы этишти берип андан кийин эле деген сөздү кошуп айтса, ошол бүдөмүктү көргөзбойт.

М: Мен жазгандай болдум эле.

Сен баргандай болдуң эле. Ж. б.

деген туура болот ко.

21. Байламталардын жазылышы берилбеген. Жаңа байламталарга кирүүчү сөздөрдүн ичинде, эле такыр жок, кирбеген. (байламталарга кошулуучу тыныш белгилер) ~~Сырдык сөздөрдүн жазылышы да жок.~~

22. Ар бир сөз түркүмдөрүнүн жазылыш эрежелери берилсе. ~~Жана көп~~

4/IV 42

Тургунбеков Сул...